# Мектеп кантип курулат?



Автор: Кавита Пуннийамурти

Сүрөтчү: Мохит Мохан

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Мектеп кантип курулат?

Автор: Кавита Пунниямурти
Сүрөтчү: Мохит Мохан
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Building a Building,*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Мектеп кантип курулат?" (кыргыз тилинде), автор Кавита Пунниямурти, сүрөтчү Мохит Мохан, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган. Pratham Books ©2020 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/117565-building-a-building

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кыска жол көптөн бери кароосуз калган аймак аркылуу өтчү. Бирок бүгүн ал жерде жумуш кайнап жатыптыр. Жумушчулар да көп. Ар кандай техниканын күрүлдөгөн үндөрү чыгып жатат.

Юля менен Бакыт мектепте чогуу окушат. Жазгы күндүн деми менен балдар мектептен үйлөрүнө кайтып келе жатышат.

– Юля, жүрү төтө жол менен кетебиз!





ГЫРР-ГЫРР-ГЫРР-ГЫРР этип, чоң металл *желмогуз* алды-артына шашпай жылып, бадал, чөп өскөн таштуу жерди казып жатат.



– Карасаң, Жыпар байке бульдозерди айдап жүрөт", – деди Юля.

Балдар Жыпар байкеге кол булгалашты. Ал да балдарга кол булгап койду.

– Түшкү тыныгуу. Чай ичкиле! – деп кыйкырган Жыпар байкенин үнү айлананы жаңыртты.



– Жыпар байке, бул жакта эмне болуп жатат? – деп сурады Бакыт.

– Биз силерге жаңы мектеп сала баштадык, – деп Жыпар байке маңдайынан терин аарчыды.





– Ура! Биздин мектеп эскилиги жеткен. Чатырынан да суу тамат. Кышында класстар жылычу эмес. Күн ысыганда, ичкериде отура албай калганбыз. Эми жаңы мектепте окуйбуз! – деп Бакыт сүйүндү.

– Жаңы мектеп качан курулуп бүтөт? – деп Юля да кызыкты.



Эми Юля менен Бакыт ушул жолдон күн сайын өтүшүп, курулуштун жүрүшүн байкап турушат. Күндөрдүн биринде алар чоң барактагы чиймелерди карап жаткан эжени көрүштү.

– Бул Айнур эже, биздин курулуш инженерибиз, – деп тааныштырды Жыпар байке.


– Балдар, жаңы мектептин планын көргүңөр келеби? – деп Айнур эже күлүмсүрөдү.

– Кандай план? – деп сурады Бакыт.

– Бул имараттын ичин көрсөткөн сүрөт. Ар бир класстык бөлмөнүн ордун, терезелери менен эшиктери кандай жайгашарын ушул чиймеден көрө аласыңар, – деп түшүндүрдү Айнур эже.

– Бул чоң тик бурчтук китепканабы? – деп сурады Юля.

– Ооба, бул жер китептери жана компьютерлери бар китепкана болот, – деди Айнур эже.





Бир жумадан кийин Бакыт менен Юля темир тиштери менен жерди терең казып жаткан чоң машинаны көрүштү.

– Ой-ий, бул алп робот сыяктуу эле экен. Карасаң, топуракты сузуп жатканын! – деп таң калды Юля..

– Муну экскаватор деп коёт. Бүгүн мектептин пайдубалы курула турган жерди даярдай баштадык. Пайдубал – имараттын түпкү, негизги бөлүгү. Бүтүндөй имараттын салмагын көтөрүп турушу үчүн ал абдан бекем болууга тийиш, – деди Жыпар байке.

Жайдын башталышына чейин пайдубалдын орду казылып бүттү.

Жүк ташуучу унаалар көптөгөн узун болот темирлерди алып келишти. Куруучулардын ширеткичти колдонуп, алардан каркастарды кантип жасаганын балдар карап турушту.

Курулуш аянтында ызы-чуу эле болуп жатат.

- ДАҢ-ДАҢ-ДАҢ!

– ГУ-У-У, ГУ-У-У, ГУ-У! – деп бетон аралаштыргыч сүрдүү үн чыгарып жатат.

– Бул бетон жасоо үчүн цемент, кум, шагыл жана сууну аралаштырып берет, – деп түшүндүрдү Жыпар байке.





Балдар каркастарды чуңкурга кантип түшүрүп жатканын байкап туруштү.


– Карасаңар, куруучулар бетонду темир каркаска жаба куюп жатышат. Бетон кургап, катып, жер алдындагы бекем пайдубалга айланат, – деди Жыпар байке.





Кийинки күнү Юля менен Бакыт жумушчулар темир каркастардын сыртына жыгач тактайларды орнотуп жатышканын көрүштү.

– Тактайлар темир каркаска тегерете орнотулат. Муну калып дейбиз. Бетон калыпка куюлат. Ал катып калганда, жыгач тактайлар алынып, мамылар даяр болот, – дейт Айнур эже.






– Оо, бул чоң энемдин кекс бышырган калыптарына окшош турбайбы! Чоң энем калыпка камыр куюп, мешке салып, ал бышканча күтүп отурат. Бышкандан кийин калыпты алып салат, – деди Бакыт.



– Ооба, так ошондой. Эми мага чоң энең жасаган кекстен бересиңби? – деп Жыпар байке тамашалады.

Август айына жакын кабаттардын ортосундагы бетон куюлуп, тирөөчтөр чатырдын деңгээлине чейин жетип калды.

Күзгө жакын имараттын кирпичтери тизиле баштады. Юля менен Бакыт ары-бери өткөндө куруучулардын дубал тургузуп жатканына көз салып жүрүштү. Жаңыдан кирпич коёрдо астыңкысынын бетине цемент аралашмасын төшөп, текшилегич менен жылмалап жатышканын да көрүштү.



Имараттын дубалы кыйла бийик болуп калганда, жамгыр башталды.


– Жамгыр жаабай турса экен. Биз имараттын кирпичин бир айда тизип бүтүшүбүз керек, – деди Жыпар байке.



Кийинки жолу келгенде Бакыт Жыпар байкеден:

– Чатырга жетейин деп калдыңарбы? – деп сурады.

– Ооба, карап көрсөң болот. Бирок абайла. Куруучулар түркүктөрдү туурасынан устун менен бириктирип жатышат. Алардын алдына металл пластиналар, үстүнө болот таякчалар бекитилип, бетон куюлат. Бетон кургаганда, пластиналарды алып салышат. Ошентип, чатыр да даяр болот.



– Бетон катыганга чейин кантип кармалып турат? – деп сурады Юля.

– Бул жыгач тирөөчтөрдү көрдүңбү? Алар бетон катыганга чейин металл пластиналарды алдынан тиреп турат, – деди Айнур эже.





Жазга чейин мектептин курулушу толук бүттү. Бирок эми анын ичин жасап чыгыш керек. Бакыт менен Юля экзамен тапшырып жүргөн убакта жыгач усталар эшик-терезелерди орнотуп жатышты. Электриктер жарыкты кошушту. Сантехниктер суу түтүктөрүн жана саркынды түтүктөрдү орнотушту. Боёкчулар мектепти сырдап чыгышты.

Жумушчулар эмеректерди киргизе башташты.

1-сентябрда жаңы боёктордун жыты дагы деле аба жарып жыттанып турду.

– Жаңы класстар, жаңы парталар, жаңы такталар! – деп Бакыт сүйүндү.

– Баары жаңы. Бирок мугалимдерибиз гана мурункулар! – деп директор да жылмайды.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Кавита Пуннямурти
Сүрөтчү: Мохит Мохан
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли